
# Конок лектор тууралуу маалымат

Кыргыз жана орус тилдери кафедрасынын окутуучулары 2022-жылдын 24-октябрынан 3-ноябрына чейин **«Жаңы билим берүү технологиялары»** программасы боюнча 72 сааттык кыска мөөнөттүү квалификацияны жогорулатуу курсунан өтүштү.

Бул курстун алкагында атайын чакырылган конок лектор — Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлигине караштуу Республикалык педагогикалык кызматкерлердин квалификациясын жогорулатуу жана кайра даярдоо институтунун директору, педагогика илимдеринин кандидаты **Токтомаметов Алмазбек Даатбекович** болду.

**Иш-чаранын жүрүшү:**

- **Дарс жана тренинг:** Конок лектор филология факультетинин студенттери менен жолугушуп, кызыктуу лекция окуп берди.
- **Интерактивдүү ыкмалар:** Сабак заманбап презентациялар менен коштолуп, студенттер чакан топтордо иштөө (workshops) аркылуу практикалык көндүмдөрүн көрсөтө алышты.
- **Жыйынтык:** Жолугушуу суроо-жооп иретинде өтүп, катышуучулар билим берүүдөгү жаңы инновациялык технологиялар боюнча терең маалымат алышты.











КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ
БИЛИМ БЕРҮҮ ЖАНА ИЛИМ МИНИСТРЛИГИ

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН БИЛИМ БЕРҮҮ ЖАНА ИЛИМ МИНИСТРЛИГИНИН АЛДЫНДАГЫ РЕСПУБЛИКАЛЫК ПЕДАГОГИКАЛЫК КЫЗМАТКЕРЛЕРДИН КВАЛИФИКАЦИЯСЫН ЖОГОРУЛАТУУ ЖАНА КАЙРА ДАЯРДОО ИНСТИТУТУ

КАДЫРАКУН БАЗАРБАЕВ АТЫНДАГЫ ЧҮЙ БИЛИМ БЕРҮҮ ИНСТИТУТУ

## СЕРТИФИКАТ КЖ № 745

берилди *Касаболотова*
фамилиясы
*Гульзат Асековнага*
аты, атасынын аты

себеби, ал 2022-жылдын 24-октябрынан 3-ноябрына чейин

*Билим берүүнүн жаңы технологиялары*

программасы боюнча 72 сааттык кыска мөөнөттүү квалификацияны жогорулатуу курсунан өттү.

КР БИМ алдындагы РПКЖ жана КДИ директору, п.и.к. **Токтомаметов А.Д.**

Институттун директору **Субанов С.Ы.**

Каттоо № 745 Бишкек ш., [illegible] ноябрь 2022-жыл

[illegible]

КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА
МИНИСТЕРСТВО ОБРАЗОВАНИЯ И НАУКИ

РЕСПУБЛИКАНСКИЙ ИНСТИТУТ ПОВЫШЕНИЯ КВАЛИФИКАЦИИ И ПЕРЕПОДГОТОВКИ ПЕДАГОГИЧЕСКИХ РАБОТНИКОВ ПРИ МИНИСТЕРСТВЕ ОБРАЗОВАНИЯ И НАУКИ КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ

ЧУЙСКИЙ ИНСТИТУТ ОБРАЗОВАНИЯ ИМЕНИ К. БАЗАРБАЕВА

## СЕРТИФИКАТ КЖ № 745

выдан *Касаболотовой*
фамилия
*Гульзат Асековне*
имя, отчество

в том, что он(а) в период с 24-октября по 3-ноября 2022 года прошел(а) курсы краткосрочного повышения квалификации по программе

*Новые образовательные технологии*

в объеме 72 часа.

Директор РИПК и ППР при МОН КР, к.п.н. **Токтомаметов А.Д.**

Директор института **Субанов С.Ы.**

Регистрационный № 745 г. Бишкек, 3 ноября 2022 года

[illegible]

**С.Нааматов атындагы Нарын мамлекеттик университети**
**Филология факультетинин**
**“Орус жана кыргыз тилдери” кафедрасынын №2 отурумунун**
**Протоколу**

**Нарын шаары** **23.09.2022 ж.**

**Катышкандар:** Касаболотова Г.А. – кафедра башчысы п.и.к., **окутуучулар**: Таштанкулова Ж.Ж. – п.и.к. окутуучу; Арыпбекова Д.Ж. – п.и.к. окутуучу; Иманалиева Ж.К. – ф.и.к. окутуучу; Жунушбаева Б. – ага окутуучу, Б.Аман кызы - проф.м.а.; Сатылган кызы Г. – ф.и.к., доц.м.а; Исакбаева З.Т. – ф.и.к.окутуучу; Өмүрканов Т.А. – ф.и.к., окутуучу; Аскар уулу Т. – окутуучу; Мукашова А.С. – окутуучу; Дүйшеева Т. – ф.и.к., доц.м.а; Үсөналиева Г. – окутуучу; Исакова Ж.К. – лаборант.

**Күн тартибиндеги маселе:**

1. 23-сентябрь Кыргыз Республикасынын Мамлекеттик тили күнүнө арналган “Кылым карыткан-кыргыз тили” аттуу иш чара тууралуу.
2. “Дил баяндар” сынагы жана “Сабаттуу жазалы” акцисынын алкагында өткөрүлгөн жат жазуу ишинин жыйынтыгы тууралуу
3. Доценттин милдетин аткаруучуга, ага окутуучуга сунуштоо;
4. Дипломдук жана курсттук иштердин темасын бекиттирүү;
5. Конок лектор менен конференция өтүү жөнүндө:
6. Россия кызматташтыгы менен квалификацияны жогорулатуу боюнча;
7. Ар кандай маселелер.

**Угулду:** Күн тартибиндеги маселе боюнча кафедра башчысы Касаболотова Г.А. сүйлөп, сөзүндө Кыргыз жана орус тилдери кафедрасынын К-22, Ач-22 группаларынын куратору Б.Аман кызы Филология факультетинин жалпы 1-курстары менен биргеликте 23-сентябрь Кыргыз Республикасынын Мамлекеттик тили күнүнө карата уюштурулган “Кылым карыткан-кыргыз тили” аттуу иш чара жогорку деңгээлде өткөндүгү тууралуу айтты.

**Аман кызы Б.:** Филология факультетиндеги 1- курстар “Кылым карыткан-кыргыз тили” аттуу иш чарага активдүү катышканы үчүн ыраазычылык билдирди. 23-сентябрь Кыргыз Республикасынын Мамлекеттик тили күнү менен окутуучулар жамаатын жана жалпы студентерди куттуктады.

**Таштанкулова Ж.Ж.:** Конкурс жогорку деңгээлде өткөндүгү тууралсында айтты. Студенттерге өз калоо тилегин айтып, коомдук иштерге активдүү катышуу менен бирге окуу жайды жакшы окуулары керек экендигин баса белгиледи.

Кафедра башчысы отурумдун **экинчи** маселесинде 23-сентябрь Кыргыз Республикасынын Мамлекеттик тили күнүнө карата “Дил баяндар” сынагы жана “Сабаттуу жазалы” акцисынын алкагында өткөрүлгөн жат жазуу ишинин жыйынтыгы тууралсында кеп козгоду. Кыргыз тилчилер тарабынан Нарын мамлекеттик университетинин деңгээлинде конкурс өткөрүлүп. “Дил баяндар” сынагында 2-курстан 60 студент катышып, 11 студент Ардак грамота менен, “Сабаттуу жазалы” акциясынын алкагында 1-курстардан 120 студент катышып, 25 студент Ардак грамота менен сыйланганы тууралсында айтты.

**Өмүрканов Т.А.:** Конкурс жылыга өткөрүлүп турарын жана жат жазуу, дил баяндардын жыйынтыгы менен Ардак грамотага ээ болгон студенттерге өзүнүн каалоо тилектерин айтып, окууларына ийгилик каалап өттү. Кийинки Ардак грамоталар жалаң гана жакшы окуган студенттерге берилери тууралсында өз оюн ортого салды.

Кафедра башчысы отурумдун **үчүнчү** маселесинде доценттин милдетин аткаруучу даражасын алуу үчүн Өмүрканов Т.А., ага окутуучулук наамын алуу үчүн Исакбаева З.Т. арыз менен кайрылганы туурасында айтты.

**Сатылган кызы Г.:** Доценттин милдетин аткаруучулук даражаны 2010- жылы алгандыгын, Өмүрканов Т.А. алуусуна макул экендигин билдирди.

**Касаболотова Г.А.:** Ага окутуучулук орун бош болгондугуна байланыштуу, Исакбаева З.Т. жазган арызынын негизинде наамды алса боло тургандыгы тууралуу өз оюн ортого салды.

Кафедра башчысы отурумдун **төртүнчү** маселесинде дипломдук жана курстук иштердин темасын бекиттирүү туурасында айтты.

**Аскар уулу Т.:** Курстук иштердин темасын бекиттирээрин, ал эми дипломдук иш быйылкы окуу жүктөмүндө жок экени туурасында айтты.

**Иманалиева Ж.К.:** Темалар даярдалганы тууралуу айтып, кафедра башчыга бекитип берүүсүн сурады.

Кафедра башчысы отурумдун **бешинчи** маселесинде конок лектор менен конференция өтүү жөнүндө билдирүү жасады.

**Таштанкулова Ж.Ж.:** Республикалык педагогикалык кызматкерлердин квалификациясын жогорулатуу жана кайра даярдоо институтунун директору Токтомаметов Алмаз Даткабекович 2-5-ноябрь күндөрү келээри жөнүндө билдирди.

Кафедра башчысы отурумдун **алтынчы** маселесинде Россия кызматташтыгы менен квалификацияны жогорулатуу боюнча окутуучулардын тизмесин кетирүү үчүн кафедранын орус тилчи окутуучулардын кимиси бараарын билүү максатында өз ойлору менен бөлүшүүлөрү керектигин айтты.

**Арыпбекова Д.Ж.:** Россия кызматташтыгы менен квалификацияны жогорулатуу боюнча курска бараа тургандыгы туурасында билдирди.

**Таштанкулова Ж.Ж.:** Россия кызматташтыгы менен квалификацияны жогорулатуу боюнча курска барууга макул экенин билдирди. Кафедранын орус тилчи окутуучулары бардыгы барып келүүсүн сунуштады.

Отурумдун ар кандай маселелеринде окутуучулардын ойлору, сунуштары, каалоо-тилектери ортого салынды.

Кафедранын жыйыны жогорудагы маселелерди угуп жана талкуулап төмөндөгүдөй

**ТОКТОМ** кабыл алды:

1. 23-сентябрь Кыргыз Республикасынын Мамлекеттик тили күнүнө карата өткөрүлгөн иш чара эң жогорку деңгээлде өткөрлдү деп табылсын.
2. Өткөрүлгөн конкурстун жыйынтыгы менен “Дил баяндар” сынагында 11 студентке Ардак грамота, “Сабаттуу жазалы” акцисынын алкагында өткөрүлгөн жат жазуу ишинин жыйынтыгы менен 25 студентке Ардак грамоталар жана кызыктыруучу сыйлыктар берилсин.
3. Доценттин милдетин аткаруучулук даражасы Сатылган кызы Гульнурдан алынып, бул кызматка Т.А.Өмүрканов, ага окутуучулук орунга Исакбаева З.Т. көрсөтүлсүн.
4. Дипломдук жана курстук иштердин темасы өз убагында бекитилсин.
5. Конок лектор Токтомаметов Алмаз Даткабекович менен конференция уюштурулсун.
6. Россия кызматташтыгы менен квалификацияны жогорулатуу үчүн Арыпбекова Д.Ж., Таштанкулова Ж.Ж., Иманалиева Ж.К.сунушталсын.

Кафедра башчысы: Касаболотова Г.А.

Катчы: Исакова Ж.К.